**ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ**

**ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ**

**EDUCATION AND TRAINING**

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***илимий кызматкер***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети***

# ОКУУЧУЛАРДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ЭСКЕ АЛЫП ҮЙ-БҮЛӨДӨ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕСИ

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***научный сотрудник***
***Кыргызская академия образовавния***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***кандидат педагогических наук***
***Бишкекский Государственный Университет имени К. Карасаева***

# ПРОБЛЕМЫ СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ НА ОСНОВЕ ЭТНОПЕДАГОГИКИ С УЧЕТОМ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ

***Alymbaeva Bermet Bekeshovna,***
***researcher***
***Kyrgyz Academy of Education***

***Sabyrova Elzada Sydykovna***
***Candidate of Pedagogical Sciences***
***Bishkek State University named after K. Karasaev***

# PROBLEMS FAMILY EDUCATION OF STUDENTS ON BASIS OF ETHNIC PEDAGOGY TAKING INTO ACCOUNT THE AGE-RELATED FEATURES

***Аннотация:*** *Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакубаттыгынын пайдубалы катары каралган. Макалада этнопедагогикалык ойлордун негизинде баланы тарбиялоодо ата-эненин орду көрсөтүлдү. Коомго толук-кандуу инсанды тарбиялоодо атанын да, эненин да аткарган иши бала үчүн бирдей экендиги каралган. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан. Авторлор, балдардын жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия*

*берүүдө, эреже катары, эл акылынан аленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманаары зарыл деп карашкан.*

**Аннотация:** *Во все времена в любом обществе привитие нравственно-духовных ценностей подрастающему поколению являлось основополагающим фундаментом. Показано, что в этнопедагогике воспитание ребенка является основной задачей родителей. В статье отражено, что в проведении полноценного воспитания роль отца и матери является главным принципом. Авторы статьи уделяют главное внимание в воспитании ребенка правильного образа жизни, уважения к многовековому наследию кыргызского народа и дается характеристика семейным традициям, обычаям и нравам.*

**Annotation:** *At all times in any society inculcate of morally-spiritual values was a rising generation fundamental foundation. It is shown that in этнопедагогике education of child is the basic task of parents. It is reflected in the article, that in realization valuable education a role of father and mother is main principle. The authors of the article spare main attention in education of child of correct way of life, respects to centuries-old heritage of kyrgyz people and description is given to domestic traditions, customs and dispositions.*

**Түйүндүү түшүнүктөр:** *этнопедагогика, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик нормалар, этномаданият, педагогикалык ойлор.*

**Ключевые слова:** *этнопедагогика, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, нормы воспитанности, этнокультура, педагогические мысли.*

**Key words:** *care, family, social status, morality, courtesy, moral ethics, ethnic culture, pedagogical ideas.*

Кыргыз эли балдарды тарбиялоого байыртан бери эле өтө жоопкерчиликтүү, өтө олуттуу караган түптүү эл экендигин элдик накыл кептерден байкоого болот. «Эгер бир жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе - эгин эк, эгер он жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе - дарак тик, а эгер жүздөгөн жылдык пайда көздөп түшүм алгың келсе бала окутуп-тарбияла» [1, 6 б.] деген сыяктуу бир топ маани-маңызы терең, алп ойлор, алтын сөздөр бекеринен айтылбаган чыгаар. Демек, окуу жана тарбиялоо процесси өтө татаал процесс. Ага ийгиликтүү жетекчилик кылуу үчүн ар бир тарбиячы баланын психологиялык жактан жетилип, социалдык инсанга айлануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы билүүгө тийиш.

Ошондуктан, окутуу-тарбиялоо процессин жемиштүү уюштурууну каалаган ата-эне жана мугалим, адегенде тарбиялай турган баланын табиятын жакшы билүүсү абзел. Тарбияланып жаткан ар бир бала, окуучу табият берген кайталангыс шык, жөндөмдүн таламдарына ээ. Биздин ата-бабаларыбыздын педагогикалык даанышмандыгы таң калаарлык. Алар жогорудагыдай тарбиянын купуя сырларын акыл калчоо менен эле илимий негизде, өтө чеберчилик менен уюштура билишкен. Энелер балдарын, небере-чеберелерин коюнуна катып алып, эркелетип, ойнотуп олтуруп эле жомок, болумуш, табышмактуу окуяларды көркөмдөп, элестүү, эмоционалдуу кылып айтып берүү менен балдардын сезимин ойготуп, ой чабыттарын өөрчүтүп, элдин интеллектуалдык потенциалын бийик көтөрүшкөн. Демек, бул жерден баланы тарбиялоодо элдик педагогиканын мааниси зор экендигин баса белгилеп кетүүгө болот.

Педагогика илиминин окутуу-тарбиялоо процессинде мугалимдин окуучуга жасаган мамилеси негизги маселелердин бири болуп саналат.

Эгер мугалим окуучуга мээримсиз мамиле жасаса, анда ишинин натыйжасы болбойт. Адамдык мамиле инсандын жан дүйнөсүн байытып, ишмердүүлүктүн мыкты үлгүлөрү-

нө ээ кылып, анын жүрүм-турумун жакшы нукка салат. Адамдык мамиле гана чыныгы инсандык касиеттердин калыптануусу үчүн зарыл чөйрөнү негиздейт. Демек, баланын активдүү ишмердүүлүгүнүн коомго пайдалуулугу түпкү максатка канчалык ылайык келсе, андагы адамдык мамиле ошончолук акылга тете болот, баладагы инсандык касиеттин түптөлүү натыйжасы ошончолук жемиштүү болот деген ой келет.

Ошондой шартта чоңойгон бала гана тууган-туушкандарына күйүмдүү, негизи эле адамга боорукер болуп чоңоет. Улуу ойчулдардын көз карашында «Инсандагы бардык жакшы касиет эненин сүтү менен күндүн нурунан пайда болот. Энесиз баатыр да, гений да, акын да болбойт» - деген сөзү менен далилдөөгө болот [12]. Ошентип, окутуу-тарбиялоо ишинде педагогикалык кубулуштардын биримдигин байыртан эле ата-бабаларыбыз колдонуп келгендиги байкалат. Окутуу-тарбиялоо ишинин борборунда өнүгүп-өсүп жаткан инсан турат. Бул инсандын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун билбей туруп, ошону менен катар эле социалдык чөйрөсүн аныктабай туруп, тарбияны ийгиликтүү уюштуруу мүмкүн эмес. Окутуу, тарбиялоо ишинин татаалдыгы мына ушул кубулуштардын бири жетишпесе же бири-бири менен айкалышып, бири-бирин толуктап турбаса, анда көздөгөн максатка жетүү кыйын, башкача айтканда, толук кандуу инсанды калыптандыра албайбыз.

Белгилүү педагог К.Н. Ушинскийдин: «Баланы ар тараптан жетилдиргиси келген тарбиячы адегенде анын табиятын ар тараптан жакшы билүүгө милдеттүү» - деген залкар педагогикалык оюу бүгүнкү күндө деле актуалдуу [11]. Анткени жарык дүйнөгө жаңы жаралып келген ар бир балага табият берген эч бир кайталангыс шык, жөндөм талантын өнүктүрүүдө социалдык чөйрөлөрдүн таасири аябагандай зор. Белгилүү чыгаан педагог В.А. Сухомлинский: «Педагогика бардык адамдар үчүн: мугалимдер үчүн да, ата-энелер үчүн да, жалпы жамаатчылык үчүн да зарыл илимге айланууга тийиш» - деген [10].

Ошондуктан ал педагогика жана психология илимдеринин мектебин уюштурган. Бул иш-чаралар азыркы учурга ылайыкталып, улантылып, иштелип чыгышы керек. Баланы ата-эне эле, мугалим эле тарбиялабастан, бүтүндөй коомчулук жакшы иш тажрыйбалары, үлгүлүү жүрүм-турумдары, жакшы мамилелери менен тарбиялашы керек. Бала төрөлгөндөн тартып жана мектепке барганга чейин баланы үй-бүлөнүн алкагында, ошондой эле балдарды наристе кезинен тартып тарбиялоо, тиешеси бар башка чөйрөлөрдө: мектепке чейинки бала бакчада, балдардын укуктарын коргоо мекемелеринде окутуу жана тарбиялоо иши көзөмөлгө алынган.

Балдарды окутуунун жана тарбиялоонун куракттык көрсөткүчтөрү боюнча педагогдордун, ата-энелердин жана кенже курактагы балдарды өнүктүрүүгө таламдаш бардык адамдардын практикалык иш-аракеттерине багыт берүү жана жакшыртуу менен балдарды окутуунун жана тарбиялоонун түпкү максатын жана натыйжаларын билүү зарыл.

Кенже курактагы балдарды окутууда жана тарбиялоодо үй-бүлөнүн, ата-энелердин, педагогдордун, жамааттын жана өнүктүрүүчү чөйрөнүн өз ара эриш-аркак аракеттенүүсүнүн маанилүүлүгүн таануу. Ар кандай куракттык топтордогу балдардын курактык жөндөмдөрүнө шайкеш келген жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алган индикаторлорду ишке киргизүү. Окууга жана тарбиялоого ар бир баланын мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмдүүлүгүн таануу. Окуу жана тарбиялоо процессинде балдар оюн, кыймыл-аракет жана сабактар аркылуу айлана-чөйрөнү жигердүү иликтеп жана таанып-билип, педагогдор жана ата-энелер менен эриш-аркак аракеттенет [8].

Азыркы кездеги социалдык-экономикалык кыйынчылык, жумушсуздук, материалдык жана руханий керектөөлөрдүн тартыштыгы үй-бүлөгө да, андагы ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаш маселелерине да таасирлерин тийгизбей койгон жок. Баланын тарбиясы үй-бүлөдөн башталат. Андагы социалдык топ – баланын турмуш мектеби. Үй-бүлөдөгү ата-эне – бала үчүн биринчи тарбиячы жана устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты үй-бүлөдөгү ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбиясына байланыштуу. Ар бир ата-эне өзүнүн баласын билимдүү, маданияттуу, ар тараптан өнүккөн инсан кылып тарбиялоого милдеттүү. Тарбиянын эң негизги милдети болуп, муундар арасындагы тарыхый жана маданий тажрыйбасын сактоо жана аны улам кийинки муунга жеткирүү эсептелет. Андыктан, коомдогу маданиятка таянуу, тарбиянын маданияттуулук принцибинин өзөгүн түзөт.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоо жөнүндө бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Келечектеги жаш муундарды тарбиялоого чоң маани берип, үй-бүлөдө баланы зээндүү, акыл-эстүү, маданияттуу кылып тарбиялоодо, нечен кылымдар бою келаткан ата-бабанын акылнасаат сөздөрү, салт-санаасы, үрп-адаттары жана элдин улуттук маданияты тарбиянын түгөнбөс кубаттуу куралы катары эсептелингендиги. Таалим-тарбия, карым-катнаш үлгүлөрү муундан-муунга берилип, эл ичинде кенен сакталып келе жаткан оозеки чыгармаларда, элдик мурастарда сакталгандыгы тууралуу көп илимий эмгектерде айтылган.

Кичинекей жеткинчектердин инсан катары калыптанышы, коомдогу жүрүш-туруш эрежелерин өздөштүрүү, баланын жаш курагында дүйнөнү таанып билүү ишмердүүлүгүн өстүрүп, акыл-эмгегинин үзүрлүү калыптанышы, ар тараптан өнүгүүсү, маданияты эң алгач үй-бүлөдөн башталып, анын социалдык-психологиялык абалы менен тыгыз байланышта экендиги далилденди. Бала үчүн үй-бүлө эң манилүү жана керектүү чөйрө. Мамлекет менен коомчулуктун милдети – баланын укугун коргоо, окутуу, тарбиялоо иштерин үй-бүлөдө өткөрүүгө жардам берүү болуп эсептелет.

Тарбиялоо канчалык коомдук көрүнүш болсо дагы, ошончолук жеке инсандык да көрүнүш. Окумуштуулар үй-бүлөдөгү жагымдуу мамилени баланын жоопкерчилигин, ынтымактуулугун, бирге иштөөсүн камсыз кылса, жагымсыз катнаш (уруш-талаш, келишпөөчүлүк ж.б.) баланын көңүлүнө, мамиле түзүүсүнө, эмгекке болгон аракетине терс таасир тийгизээрин далилдешкен [9]. Тарбиялоо адеби: саламдашуу, таанышуу, коштошуу, уруксат суроо, сурап билүү, кечирим суроо, кайрылуу, куттуктоо, ыраазычылык билдирүү, сүйлөшүү, угуу ж.б.

Мектептеги окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүн эске алып үй-бүлөдө этнопедагогикалык негизде тарбиялоонун өзгөчүлүктөрү баланын карым-катнаш маданияты руханий маданияттын бир бөлүгү. Кыргыз элинин руханий маданияты өтө бай экендиги баарыбызга белгилүү. Алар кылымдар бою сакталып келген оозеки жана жазма адабияттар, фольклор, чоң жана кичине эпостор, музыкалык күүлөр, обондор. Маданият да, билим, таалим тарбия да, өнөр да муундан муунга өтүп, бири-бирине берилип отурат. Мында тарбиялоонун мааниси өтө зор, себеби адамдардын ортосундагы иш аракеттен пайда болгон пикир алмашуусу, мамилеси жана адам адамды таанып билүүсү болуп эсептелет.

Демек, баланын инсан болуп калыптануусу мектепте, үй-бүлөдө жана иш аракетте өтөт. Адамдардын өмүрү белгилүү бир чөйрөдө, анын талаптарына жараша ою, акылэси, тартиби, маданияты калыптанып, абийирдүү, ырыс-ынтымактуу, ар кандай эмоциясы өнүгүп жашайт. Мектептеги окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүн эске алып үйбүлөдө этнопедагогикалык негизде тарбия-

лоо баарлашуу, мамилелешүүнүн жардамы менен инсандын жекече өзгөчөлүктөрү калыптанат. Ошондуктан өсүп келе жаткан баланын инсандык сапаттары белгилүү чөйрөдө - үй-бүлөдө, бала бакчада, мектепте, көчөдө ж.б. өсүп өнүгөт.

Баланын өздүк сапаттары мындан ары үй-бүлө мүчөлөрү, курбулары башка адамдар менен болгон карым-катнашта өнүгөт. Мектеп жашына чейинки балдар, адамдар арасында таанып биле турган кези. Ушул мезгилде бала сюжеттүү – ролдук оюндарды ойноо аркылуу мамиле жүргүзө баштайт, коомдогу жүрүш-туруш эрежелерин өздөштүрөт. Бул кезде баланын ситуативдик, шартка байланыштуу сүйлөөсү калыптанат, контекстүү сүйлөөгө өтөт, тил - эң негизги куралына айланат. Тил үйрөнүү, маданияттуу сүйлөө, балада ата-эненин, тарбиячынын, чоңдордун жардамы менен өсөт.

Маданият турмуштук өнүгүүнүн негизи болгондуктан, баланын ички жан дүйнөсү менен маданияты кичинекей кезинде эле – тамактандыруу, ороо, бешикке бөлөө, тазалыкка көндүрүү ж.б. сыяктуу мамилелешүү иштерден башталат.

Бирок азыркы мезгилде көпчүлүк кыргыз үй-бүлөсүндө ата-эне менен баланын ортосундагы мамилеси чоңдордун үстөмдүгү менен жүргүзүлгөндүгү байкалды. Мындайда өзгөчө мектеп курактагы балдар ата-эне менен болгон эмоционалдык байланыштын жоктугунан салкын мүнөз, суз, ырайымсыз, орой, маданиятсыз, ички сезимдери начар калыптанып өсөт. Мындай көрүнүш өзгөчө шаар жергесинде көбүрөөк колдонулат, баланын билимдүү, маданияттуу өсүп калыптанышына үй-бүлөдөгү тарбия жетишсиздиги байкалат [6].

Азыркы мезгилдеги турмуштун экономикалык тартыштыгы, жумушсуздук, маданий-руханий чөйрөнүн жетишсиздиги, үй-бүлөдөгү ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаш маселелерине да өз таасирин тийгизип жатат десек, эч жаңылышпайбыз. Ата-эне убактысынын көбүн иште, кызматта, базарда, ж.б. жерлерде өткөргөндүктөн, бала ата-эненин мээримине, жылуу мамилесине зар болот, сагынат.

Баланын инсандык сапаттарынын калыптанышынын эң алгачкы социалдык институту – бул анын үй-бүлөсү жана мектеп. Ушул жерде бала жакын адамдары менен мамиле түзүүдө жакшы менен жаманды, ак менен караны ажыратып, өз элинин маданиятын, сөз өнөрүн үйрөнөт. Сөзсүз, бул айтылгандардын бардыгы ата-эне, мугалим жана баланын ортосундагы байланыш өз ара түшүнүү аркылуу гана иш жүзүнө ашырылат.

Бүгүнкү күндө эгемендүү мамлекет болуп, басма сөз эркиндигин алганыбыз менен, рынок экономикасынын шартында өнөр, маданият, адабият тармактары арткы планда калууда. Биз элдик чыгармачылыкка педагогикалык жактан өтө аяр мамиле жасап, аларды окутууда жана тарбиялоодо зор мааниге ээ экенин эске алуубуз зарыл.

Анткени, сырттан кирген даяр форма менен мазмун ар дайым оң натыйжа бере бербестигин турмуш чындыгы далилдеп отурат. Элибиздин рухий байлыктарына, кыргыз менталитетине таандык, адептик моралдык-этикалык улуу дөөлөттөрдү окуучуларыбыздын дилине сиңирип, аларга ыйман-ызаат, салттуу-нарктуу мамилени калыптандыруубуз зарыл.

Бүгүнкү күндө бизге, элдик педагогиканын негиздерине таянуу менен иш алып барууну активдештирүү - эң маанилүү талаптардын бири. Окуучуларды ар тараптуу тарбиялоо үчүн өлкөдө идеологиянын болушу зарыл. Ошол идеологиянын башаты – «Манас» эпопеясында экендиги буга чейин окумуштуулардын эмгектеринде айтылып келген [3]. Окутуу жана тарбиялоо ишинде жогоруда айтылган жана ушул сыяктуу элдик идеологияларга сугарылган элдик педагогиканы кеңири колдонуу аркылуу

окуучулардын билимин жогорулатып, рухий дүйнөсүн байытып жана ар кандай жаман көрүнүштөрдөн сактап кала алабыз.

Демек, кыргыз элинин рухий байлыгы – элдин идеологиясы, билим берүүнүн башаты жана этнопедагогиканын негизи катары кароо.

Жыйынтыктап айтканда, элибиздин эчен кылымдар бою топтолгон турмуш-тиричилик тажрыйбалары, өрнөктүү иштери, оозеки адабияты, таалим-тарбиясы, улуттук каада-салттары биз үчүн түгөнгүс булак болуп эсептелет. Бүгүн жана келечекте эмгекке карата коомдун талабын калыптандыруу – үй-бүлөлүк тарбия менен тыгыз байланышта уюштуруу аркылуу чечилмекчи.

**Адабияттар:**


1. Бабеков А. Окутуу жана тарбиялоо процессиндеги социалдык-педагогикалык кубулуштардын мааниси [Текст] / Бабеков А. –«Кут билим» 2010. – 6 б.
2. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт.-Б.:Баласагын 1993.
3. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С. Байгазиев. –Кутбилим. – Бишкек, 2010, 20-август.
4. Бекбоев И. Элдик педагогика – тарбиянын булагы [Текст] Бекбоев И. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. – Б.: 2010. – 262 б
5. Коменский Я.А. Избранные педагогические сочинения. Т.2. -М.: Педагогика, 1982.
6. Муратов А.Ж. Кыргыз элинин тарбиялык салттарында балдарды социалдаштыруу идеялары. //Мектеп-школа 2012 № 3 – 12 б.
7. Песталоцци И.Г. Избр. пед. соч.: В 2-х т. – М., 1981.
8. Рысбаев С.К. Кыргыз элдик таалим-тарбия принциптери жана методдору – Б., 2007-88 б.
9. Ситдыков А.С. Педагогические идеи и просветительская деятельность И. Алтынсарина. - Алма-Ата: Мектеп, 1968. - 148 с.
10. Сухомлинский В.А. «Как воспитать настоящего человека» Раздел: Педагогика
11. Ушинский К.Д. «О народности в общественном воспитании» //изб.соч. М.: Педагогика 1974.
12. Кунанбаев Абай (Ибрагим). Полное собрание сочинений. В 2-х т. (на каз. языке) — Алма-Ата: Гылым, 1977.


***Рецензент: п.и.д., профессор Муратов А.***